## №96 жалпы орто билим берүү мектеби

# «Мекеним Кыргызстан»


Китепканачы:Султанбекова М.А

Жумабай к Т

- Кыргызстандын көрүнүктүү адамдары
- "Манас" эпосу - бардык мезгилдердин эпосу
- Ч.Айтматов «Бардык жашоо учуп кеткендей»
- Кыргызстандын жаратылышы





# Турдакун Усубалиев

- Турдакун Усубалиев 1919-жылы Кочкор районундагы Кочкор кыштагында туулган. Ал 2015-жылы 6-сентябрда узакка созулган оорудан каза болду.



- 1941-жылы Кыргыз мамлекеттик педагогика институтун бүтүрүп, Кочкор кыштагындагы орто мектепте, партиянын Кочкор райкомунда, Кыргызстан Коммунисттик партиянын Борбордук комитетинин аппаратында иштеген.

1943-1945 жылдары КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектептин угуучусу болгон, андан кийин он жыл боюу КПСС БКнын жооптуу кызматтарында иштеген.

1955-1957 жылдары "Советтик Кыргызстан" газетасынын жооптуу редактору, Кыргызстан Коммунисттик партиянын Борбордук комитетинин бөлүм башчысы болуп эмгектенген.



1958-жылы партиянын Фрунзе шаардык комитетинин биринчи катчысы болгон.

1961-1986-жылдары Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы болуп иштеген.

1985-жылы пенсияга чыккан.

1999-жылы 80 жылдык маарекесине карата "Ак шумкар" өзгөчө белгиси тапшырылган. Кыргызстандын Баатыры эң жогорку артыкчылык даражасына ээ.

Ал ошондой эле, үч Ленин ордени, Октябрь революциясынын ордени, Кызыл Туу ордени, Достук ордени жана биринчи даражадагы "Манас" ордени менен сыйланган.





Кыргызстандын залкар уулу, дүйнөгө аты таанымал белгилүү жазуучу, коомдук жана мамлекеттик ишмер Чыңгыз Айтматов Талас облусуна караштуу Кара-Буура районундагы Шекер айылында 1928-жылы 12-декабрда туулган.





**Башкы каармандары тарыхый инсандар эмес, карапайым адамдар**

Танабай, Сейде, Дүйшөн, Эдигей, Казангап, Арсен ж.б. Алар биздин арабызда эле, анчейин балким билинбей жүргөн каармандар. Бирок адам баласы сынала турган учурга келгенде алар абийир, намыс жана бийик адамдык касиеттерин көрсөтүп, адам деген улуу атты бийик туткан инсандар болуп чыга келишет.



Чыңгыз Айтматов улуу сүрөткер катары көпчүлүк баамдай билбеген жагдайда жөнөкөй адамдагы улуу сапаттарды таба билген. Анын айрым адабий каармандары кандайдыр бир дэңгээлде тарыхый каармандай таасирге ээ. Башкача айтканда, Айтматов айылдык карапайым кыргыздардан дүйнө тааныган кыргыздарды жаратты, маселен, Танабай менен Толгонай эне.



- Айрыкча Момун чал менен бала, Дүйшөн менен Танабай, Толгонай, Орган карыя менен Эдигей, Сейит менен Сейде, Казангап менен Арсен, Бостон менен Авдий Каллистратов, Филофей адамды адам бойдон калууга үндөп турган каармандар. Ошол эле учурда Орозкул, Базарбай, Сабитжан, Эрташ Курчал, Ташчайнаарсыз аталган чыгармаларды элестетүү мүмкүн эмес. …Ак менен кара, …күн менен түн, …сүйүү менен жек көрүү, …күлүк менен кашаң, …бала менен чал (же эне) Айтматовдук темада дайым эриш-аркак кездешет дал турмуштун өзүндөй болуп.




- Демек, эң ириде биз адамбыз, адамзатпыз. Адамзаттын эң улуу озуйпасы - укумдан тукумга тирүүлүктү сактап калуу. «Саманчынын жолундагы» же «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» чыгармаларынын финалы баланын аман калышы менен аяктайт. Демек, улуу тирлик көчү уланып жатат деген кеп го. Айтматовдун ар бир чыгармасында өмүрдүн кереметтигин даңазалоо менен бирге: «Адамдар, адамдыктан кетпегиле» -деп, көр дүйнөдөн жан дүйнөнүн бийик экендигин айтып, маңкурт болуудан сактап калуугa чакырык жана «жамандык кылба», «адам бол» «уурулук кылбы», «ушак айтпа» деген осуяты биздин кулагыбызга коңгуроо сымал угулуп тургандай. Адамдын жана адамзаттын жашоодогу парзы эмне деген суроого жооп издейт. Айрыкча, соңку «Тоолор кулаганда» чыгармасындагы «Өлтүрбө» деген сөз диний китептердеги насаат кеп сыяктуу туюлат.


ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ
КОГДА ПАДАЮТ ГОРЫ
(вечная невеста)
ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ
ТАВРО КАССАНДРЫ
ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ
И ДОЛЬШЕ ВЕКА ДЛИТСЯ ДЕНЬ...
ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ
ПЛАХА
Судный день уже начался — надо только заставить себя это увидеть!


# «Манас» - бардык мезгилдердин эпосу





**"Манас" эпосу** — кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолун чагылдырган эпикалык чыгармасы. Кыргыз элинин дүйнөлүк маданият казынасына кошкон эң зор салымы. Эпостун баш каарманы — Манас баатыр — "тарыхый киши болгонбу, болсо ал качан жашап өткөн, кандай иштерди кылган" - сыяктуу суроолорго азырынча бир жактуу, так жооптор бериле элек.

**Мындай суроолорго толук жооп берүү үчүн эпостогу тарыхый окуяларды, мифологиялык түшүнүктөрдү, эпостун тилин, диний ишенимдери, эпостун айтымдарынын арасындагы айырмачылыктарды, каармандардын сүрөттөлүшүн, сюжетин изилдеп аларды тарыхый окуялар, каармандар, булактар менен байланышытырып изилдеп чыгуу керек жана келечекте көптөгөн изилдөөлөрдү талап кылат.**



Манна — кыргыз элинин улуу баатырдык эпосу
"Манас" эпосу дүйнө жүзүндөгү эң чоң поэма болуп эсептелет — 500 553 ыр сабынан турат.
Бул көлөм манасчы Саякбай Каралаевдин айтымындагы үчилтиктен куралып саналат:
"Манас" — 84 830
сап; "Семетей" — 397 775
сап; "Сейтек" — 17 948

# Кыскача өмүр баяны

## Таттыбүбү Турсунбаева





Таттыбүбү Турсунбаева - 1944-жылдын 12-июлунда Нарын облусунун Чаек кыштагында төрөлгөн. Жумгал районунун Чаек айылында орус орто мектепте окуган.

1960-жылы 16 жашында “Салиманын ыры” аттуу кыска метраждуу тасмада биринчи жолу тартылган.

17 жашында Ташкенттеги А.Н.Островсөрү институтунун “Драма жана кино актеру” факультетине тапшырган.

1966-жылы Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрынын группасына кирген.



# Чыгармачылыгы

Театрда дүйнөлүк жана советтик классикасынан У.Шекспир, Лопе де Вега, Г.Лорка, Ч.Айтматов, М.Карим жана Е.Шварцтын чыгармалары боюнча сахнага 30 дан ашуун эстен кеткис образдарды алып чыккан: Жульетта (“Ромео жана Жульетта”), Амелия (“Бернарда Альбанын үйү”), Фелисьяна (“Бий мугалими”), Асел (“Делбирим”), Анвар (“Фудзиямадагы кадыр түн”) жана башкалар. Ошону менен бирге кинодо да жаркын элестерди жараткан.

Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти, СССР кинематографисттер союзунун жана Кыргызстан кинематографисттер союзунун мүчөсү.

- Таттыбүбү Турсунбаева Кыргызстандын эл сүйгөн эң атактуу актрисасы болгон. Анын сулуулугу бүтүн кыргыз элин суктандырган. Аны Кыргызстанда адамдар «сахнанын ханышасы» деп айтышат. Таттыбүбү Турсунбаева кыргыздын көп кинолоруна катышып, кызыктуу каармандарды жараткан. Ал «Ак Мөөр», олорунда башкы каармандардын, ал эми «Кызыл алма» фильминде Бейтааныш сулуунун ролун ойногон



- “Ак Мөөр” фильминен соң Таттыбүбү Турсунбаеваны кыргыздар “Соң-Көл чүрөгү” деп аташкан. Тилекке каршы, анын өмүрү кыска болгон. Ал 37 жашында бул дүйнөдөн кайткан. Ал көз жумганда курсташы Жумабек Козукеев мүрзөсүнүн башында “Токтолуп сокпой жүрөгү,Соң-Көлдүн кетти чүрөгү” деген ыр саптарын окуган.



- Бирок, Таттыбүбү Турсунбаева бул жарыкчылыктан эрте кетсе да, анын элеси бул дүйнөдөн кеткен жок. Таттыбүбүнүн элеси сахнанын жана сулуулуктун турмушунда жашап келе жатат. Кыргызстанда Таттыбүбүнү «ак куу» деп да айтышат, анткени кыргыз маданиятында ак куу эң эле татынакай жана назик куш. Ак куунун мойуну узун жана Таттыбүбүнүн дагы мойуну узун болгон. Буга байланыштуу мындай ыр бар: «Адашкан аркар сыяктуу, арманда кетти бир ак куу». Анын ийилген кирпиктери, ажарын төккөн жүзү, өрүлгөн узун чачтары дагы эле Кыргызстандын ар бир атуулун суктандырат.






- Бирок, Таттыбүбү Турсунбаева бул жарыкчылыктан эрте кетсе да, анын элеси бул дүйнөдөн кеткен жок. Таттыбүбүнүн элеси сахнанын жана сулуулуктун турмушунда жашап келе жатат. Кыргызстанда Таттыбүбүнү «ак куу» деп да айтышат, анткени кыргыз маданиятында ак куу эң эле татынакай жана назик куш. Ак куунун мойуну узун жана Таттыбүбүнүн дагы мойуну узун болгон. Буга байланыштуу мындай ыр бар: «Адашкан аркар сыяктуу, арманда кетти бир ак куу». Анын ийилген кирпиктери, ажарын төккөн жүзү, өрүлгөн узун чачтары дагы эле Кыргызстандын ар бир атуулун суктандырат.





# Өмүр баяны

Сүймөнкул Чокморов 1939-жылы 9-ноябрда Кыргызстандын Чүй облусуна караштуу Аламүдүн районунун Чоң-Таш айылында туулган.Үй-бүлөдө 7 бир tууган болгон, ал, үч байкеси жана үч эжеси. Кичинекей чагында катуу ооруган. Ошол үчүн спорт менен машыга

баштаган. Кыргызстан жана Ленинград тандалма волейбол тайпас ында ойногон. Ошол эле учурда живопиське кызыгып кеттип. Мектептен кийин Ленинград Көркөм Академиясына тапшырган, 1964-жылы бүтүргөн. Окууну бүтүргөндөн кийин Фрунзе Көркөм окуу жайында сабак берген.



1967-жылы КСРСнун Сүрөтчүлөр Союзунун мүчөсү болуп калган. Киного 1969-жылы келген. Биринчи ролу "Караш ашуудагы атыш"("Выстрел на перевале Караш") тасмасында башкы каармандын ролун аткарган. Актёр тарыхый тасмаларда ("Жетинчи ок"("Седьмая пуля"), "Дерсу Узала") жана бүгүнкү күндөгү маселени көтөргөн тасмаларда ("Кызыл Алма") роль аткарган. Көбүнчө кыргыз элинин улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча тартылган көркөм-тасмаларда роль аткарган. 1981-жылы Чокморов КСРСнун эл артисти наамын алган.1992-жылы Бишкек шаарында 53 жаш курагында көпкө созулган оор оорудан кийин дүйнөдөн кайткан.


# Али Хамраев, Сүймөнкул Чокморов жана япон актёруТосиро Мифунэ. Москва кинофестивалы




# Али Хамраев Сүймөнкул Чокморов менен "Жетинчи ок" көркөм тасмасы тартылып жаткан учурда. Исфара шаары. 1972-жыл



"Караш ашуудагы атыш"("Выстрел на перевале Караш"




‘Выстрел на перевале Караш” рабочий момент





# Кыргызстандын жаратылышы

- Республиканын аймагында чокусун кар менен мөңгү каптаган бийик тоолор тоо ылдый аккан мөлтүр суулар, көлдөр ар кыл токойлор, шалбаалар менен талаалар, табигый жайыттар менен ар кандай кен байлыктар жайгашкан. Алар эл чарбасынын ар түрдүү тармактарын өнүктүрүүгө негиз болот. Ал эми **жаратылыш** деген бири-бири менен тыгыз байланышкан, бири-бирине көз каранды компоненттерден турган бирдиктүү организм. Ал организмдин туура багытта өсүп-өнүгүшү ошол жерде жашаган адам баласынын иш-аракеттерине байланыштуу болот. Ошондуктан ар бир адамдын, өзгөчө өсүп келе жаткан жаш муундардын өз мекенин таанып-билүүсү, жаратылышын коргоосу, анын өсүп-өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн жакшылап үйрөнүүсү зарыл.









# Арсланбаб

**Арсланбаб** – бул табияттын уникалдуу туундусу, деңиз деңгээлинен 1600 м бийиктикте жайгашкан, гүлдөгөн оазис. Арсланбаб – бул Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан эң кооз курорттордун бири.
Арсланбаб району Фергана жана Чаткал тоолорунун батыш жана түштүк тараптарында, Бабаш-Ата тоо кыркаларынын кокту-колотунан орун алган.
Анын атагын алыска чыгарган – бул баарыдан мурда анын жалпысынан 608,5 миң гектар жерди ээлеген жемиштүү жаңгак токойлору.





Бирок жемиштүү жаңгак токойлору – Арсланбабдын жападан жалгыз мактанычы эмес. Деңиз деңгээлинен 2200 м бийиктикте, аска-зоону аралай тоонун көк кашка мөлтүр суулары таштан-ташка уруна, мөңкүп агып жатат. Кээ бир жерлерде алар тээ асмандан атырылып түшүп, жомоктогудай шаркыратмаларга айланышат. Жергиликтүү калк бул жаңгакка байланыштуу мындай уламышты жакшы билишет.



Качандыр бир айтылуу Александр Македонский өзү бул жердин жагып калган жаңгак жемишин алыстагы мекенине ала кеткен имиш. Мына ошол жаңгактар Грециянын жаңгак бактарынын түптөлүшүнө негиз болгон экен (ошондон улам жаңгактын бул түрү “грек жаңгагы” аталып калган дешет).



# Ажайып сулуу Айгүл гүлү

Баткен областы Республикабыздын башка областтарынан айырмаланып өрүкзардын мекени. Бул өрөөндө өзүнүн татымдуулугу боюнча балдан кем эмес, асыл баалуу түркүн сорттогу өрүктөрдүн даамы менен даңазаланып келет. Ал гана турсун дүйнөдө сейрек кездешкен Айгул гүлү да ушул областын аймагынан орун алып келет.



Эл арасында кеңири айтылып келген уламыштын маани-маңызы төмөнкүчө: "Илгери бул Карабулак аймагында бир бай жашайт экен. Анын ай чырайлуу Айгул аттуу кызы болуп өзүнүн наздыгы, сулуулугу менен башкалардан айырмаланып, адептүүлүгү жана эмгекчилдиги менен ата-энесин кубанычка бөлөп келет. Айгул бой тартып эрежеге жеткенде ай жамалы ачылып сулуу кызга айланып, ошол эле айылдагы Козулан деген баатыр, эмгекчил жигитти сүйүп калат. Эки жаштын ата-энеси да балдарынын купул сезимдерин байкап калышып билдирбестен той камын коро башташат.



Бирок, какаганга муштаган болуп бир ирет баскынчы душмандар менен болгон катуу кармашта Козулан тарап жеңилип, баатыр Козулан багынып бергиси келбестен кашык каны калганча салгылашып жатып каза болот. Жолдоштору анын жүрөгүн айылга алып келишет. Бул кайгылуу кабарды укканда чыдабай ыйлаган бойдон дарыянын жээгине келип отурат да сүйгөнү менен ушул дарыянын жээгинен таанышканын эске түшүрөт. Ал жерден үйүнө келип курбу кыздарын ээрчитип тоону көздөй жөнөйт.




Тоого жетип курбу кыздар менен коштошот да, өзүн бийик аскадан төмөн карай таштап жан берет. Ал аскадан таштын борчугунан кыздын канына боёлгондой кочкул кызыл, саргыч түстөгү өтө кооз гүл өсүп чыгат. Ал гүлдү "Айгул гүлү" деп кыз боюн таштаган асканы "Айгул таш" деп, ал эми Айгул таштын бет маңдайындагы тоону "Козулан тоосу" деп аташат. Баатыр жигит козуландын жүрөгү кыз менен кошо жерге жашырылат. Ошентип тирүүсүндө тагдырдын буйругу насип этпеген бул эки жаштын тилеги тигил дүйнөдө биригип, алардын каны жанынан Айгул гүлү жаралып калган экен.







Табиятынан кооз гүл аталган Айгул гүлү илимий эмгектерде "Петимум Эдуарда" же орусча "Рябчик Эдуарда" д.а. Бул ажайып кооз гүл жалаң гана таштуу жерлерде өсүп, тамыры да терең жайгашкан. Бир караганда гүлдүн ичинен чоң шүүдүрүм тамчыларды байкоого болот. Жергиликтүү эл ушуну сүйүшкөн эки жаштын көз жашы деп аташат.
Айгүл гүлүнүн бир эки сөңгөгүндө 5-6, айрымдарында 7-8 кадимки коңгуроону элестеткен таажылуу, узун жалбырактуу кочкул кызыл, сары түстөгү гүлдөр орун алып, адамдарды өзүнө тартып турат.
Азыр Айгүл тоосу корукка алынып, андагы гүл СССРдин "кызыл китеби"1978-жылы киргизилген. "Айгүл гүлү" Баткен областынын Кара Булак кыштагында орун алган.


Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат